# ИЖБИМге караштуу
# Жогорку аттестациялык комиссия




**Диссертациялык иштерди коргоо боюнча укуктук-ченемдик документтер: кандидаттык, докторлук диссертацияларды даярдоо жана коргоо. Диссертациялык кеңештердин ишмердүүлүгү жөнүндө.**

**ЖАКтын илимий кадрларды аттестациялоо бөлүмүнүн башчысы ю.и.к., доц. А. Ж. Токтомбаева**




# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫНЫН 22-беренесинин 4-пункту

**Мамлекет илимий-техникалык прогресске салым кошкон илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоону камсыз кылат**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10-мартындагы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана бюрократиядан арылтуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө» ПЖ № 83 Жарлыгы;

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 12-майындагы «Илим, билим берүү, инновациялар жана интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө» ПЖ № 145 Жарлыгы;

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы «Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин маселелери жөнүндө» № 390 токтому.

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 6-октябрында «Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө» № 637 токтому менен төмөнкү жоболор бекитилген:

- Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссия жөнүндө жобо;
- Диссертациялык кенеш жөнүндө жобо;
- Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобо;
- Окумуштуулук наамдарды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобо.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 12-майындагы ПЖ № 145 Жарлыгынын 5-пунктунун 2-подпунктунун талаптары**

1. Кайталанма жол-жоболорду жана органдарды (кеңештерди) жоюуну, ошондой эле окумуштуулук даражаларды ыйгарууда жана окумуштуулук наамдарды берүүдө тиешелүү техникалык жол-жоболорду бюрократиядан арылтуу.

2. Ашыкча позицияларды алып салуунун эсебинен багыттарды (шифрлерди) ирилештирүү аркылуу илимий адистиктердин номенклатурасын оптималдаштыруу.

3. Тиешелүү дүйнөлүк рейтингдерге кирген чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары тарабынан берилген PhD даражасын ыйгаруу тууралуу дипломдорду жөнөкөйлөтүп таануу жана/же теңештирүү, анын ичинде чет өлкөлүк илимий даражаларды жана наамдарды алган жаш окумуштуулардын илимий жана инновациялык иштин ата мекендик чөйрөлөрүнө жана системаларына тартылуу потенциалын жогорулатуу үчүн механизмдерди түзүү.

# Кайталанма жол-жоболорду жана органдарды (кеңештерди) жоюу

**Изденүүчүнүн диссертациялык ишинин илимий-эксперттик баалоодон өтүүсү:**

- Диссертациялык кеңеште илимий-эксперттик баалоо адистиктин шифри боюнча үч эксперт аркылуу жүргүзүлчү. Киргизилген өзгөртүүлөр боюнча диссертацияга илимий-эксперттик баа берүү бир гана жолу, диссертациянын темасы бекитилген жери боюнча ишти талкуулоо стадиясында, ачык коргоо процедурасына чейин жүргүзүлөт. Диссертациялык кеңеште экспертиза жүргүзүү жоюлду, анткени изденүүчү диссертация боюнча тиешелүү корутундуларды кафедранын талкуусунда алат. Жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоо жол-жоболорун бюрократиядан арылтуу максатында диссертациянын экспертизасы кайталануучу функция катары алынып салынган.
- ЖАКта илимий-эксперттик баалоо эксперттер аркылуу өтчү. Учурда коллегиалдуу эксперттик кеңештер жоюлган, жаңы бекитилген жобого ылайык - ЖАК эксперттерди жеке тартипте ишке тартууга, алардын ишинин шарттарын аныктоого укугуна ээ.

**Жаңы талаптарга ылайык:**

- 30 календардык күн мөөнөтүндө өткөрүлүүчү «Диссертацияны коомдук талкуулоо» түшүнүгү киргизилди. Коомчулук ЖАКтын сайтында ачык жеткиликтүүлүктө диссертациянын долбоору менен таанышып, өз сунуштарын жана сын-пикирлерин бере алат. Бардык келип түшкөн сунуштар жана сын-пикирлер тема бекитилген жери боюнча диссертацияны талкуулоонун күн тартибине киргизилет;
- Диссертациялык ишти талкуулоо диссертациянын темасы бекитилген жерде жүргүзүлөт. ЖАКтын чечими менен диссертацияны талкуулоого эксперттер жөнөтүлөт, алар диссертацияны ачык коргоосу боюнча диссертациялык кеңештин жыйынына да катыша алышат. Ошентип, изденүүчү илимий-эксперттик баалоодон бир жолу өтөт, диссертациялык ишти илимий-эксперттик баалоодон ЖАКтын эксперттери гана өткөрүшөт.

## ИЛИМИЙ КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН АДИСТИКТЕРИНИН НОМЕНКЛАТУРАСЫ

**мурда 422 илимий адистикти камтыган**

## ИЛИМИЙ АДИСТИКТЕРДИН НОМЕНКЛАТУРАСЫ

**илимий адистиктерди оптималдаштыруудан кийин – 187**

- ✓ Нострификациялоо үчүн ЖАКка берилген TOP 500 QS World University Rankings жана Times Higher Educationге кирген мекемелер тарабынан берилген философиянын доктору (PhD)/профиль боюнча доктор, хабилитацияланган доктор (Dr. Habil) дипломдору Кыргыз Республикасынын аймагында автоматтык түрдө таанылат.

- ✓ TOP 500 QS World University Rankings жана Times Higher Educationге кирген мекемелер тарабынан берилген окумуштуулук наамдар жөнүндө аттестаттар, дипломдор Кыргыз Республикасынын аймагында автоматтык түрдө таанылат.

# АЧЫК КОРГООГО ЧЫГУУНУН МӨӨНӨТТӨРҮ:

Мурда докторлук жана кандидаттык диссертациялар үчүн изденүүчүлөрдүн ачык коргоого чыгуусунун 3 жана 5 жылдык мөөнөттөрү бекитилген.

Учурда ачык коргоого чыгуу боюнча убакыт мөөнөттөрүнүн чектери толугу менен жоюлган.

8-п. Докторлук/кандидаттык диссертацияны коргоого докторантураны/аспирантураны окуп бүтүргөн адамдарга, ошондой эле диссертацияларды даярдоо үчүн илимий-изилдөө жана эксперименттик базасы бар жогорку окуу жайларына жана/же илимий жана илимий-техникалык уюмдарга бекитилген изденүүчүлөргө уруксат берилет.

Кандидаттык экзамендер институту жоюлган. Илимий багытын өзгөрткөн изденүүчүлөр буга кирбейт, алар үчүн диссертациялык кеңеште жаңыдан тандалып алынган адистик боюнча экзамен тапшыруу зарыл.



# ИЗДЕНҮҮЧҮЛӨРДҮН ИЛИМИЙ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК ЭМГЕКТЕРИНИН БАЛЛДЫК БААЛООСУ

**Мурда төмөнкү чектик баллдар белгиленген:**

- **Докторлук диссертацияларды жактоо үчүн – 250 балл.**
- **Кандидаттык диссертациялар жактоо үчүн - 100 балл.**
- **Профессордун окумуштуулук наамын ыйгаруу үчүн – 250 балл.**
- **Доцент окумуштуулук наамын ыйгаруу үчүн – 150 балл.**

**Окумуштуулук даражалардын жана окумуштуулук наамдардын изденүүчүлөрүнүн илимий жана окуу-методикалык эмгектерин баалоонун баллдык системасы толугу менен жоюлду**



# ЖАКтын чечими менен ыйгарылуучу окумуштуулук даражалар

Илимдин доктору окумуштуулук даражасы

Илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы

## КҮЧҮН ЖОГОТКОН ЖОБОЛОР
**КР Президентинин 18.01.2022-жылдын № 12 Жарлыгы менен бекитилген**

**21-п.** Кандидаттык диссертациянын негизги жыйынтыктары Рецензиялануучу илимий мезгилдүү басылмалардын тизмегине кирген илимий басылмаларда жарыяланышы керек...

Scopus, Web of Science же РИНЦ системалары аркылуу индекстелүүчү импакт-фактору 0,1ден кем эмес илимий басылмаларда 2ден кем эмес макаланын болушу милдеттүү болуп саналат.

Жарыяланган эмгектери боюнча жалпы баллы 100дөн кем эмес болушу керек.

## КОЛДОНУУДАГЫ ЖОБОЛОР
**КР Министрлер Кабинетинин 06.10.2025-жылдын № 637 токтому менен бекитилген**

**14-п.** Кандидаттык диссертациянын негизги жыйынтыктары 5тен кем эмес публикацияда жарыяланышы керек, анын ичинде милдеттүү түрдө:

1) Scopus жана/же Web of Science системаларында индекстелүүчү илимий мезгилдүү басылмаларда 1 макала;
2) РИНЦ системасында индекстелүүчү, импакт-фактору 0,2ден кем эмес илимий мезгилдүү басылмаларда 1 макала;
3) ЖАКтын Рецензиялануучу илимий мезгилдүү басылмалардын тизмегине кирген илимий басылмаларда публикациялары болуш керек.

## КҮЧҮН ЖОГОТКОН ЖОБОЛОР
### КР Президентинин 18.01.2022-жылдын № 12 Жарлыгы менен бекитилген

**17-п.** Докторлук диссертациянын негизги жыйынтыктары Рецензиялануучу илимий мезгилдүү басылмалардын тизмегине кирген илимий басылмаларда жарыяланышы керек...

Scopus же Web of Science системалары аркылуу индекстелүүчү мезгилдүү илимий басылмаларда бир макаланын болушу милдеттүү, буга кыргыз тили жана кыргыз адабияты боюнча диссертациялар кирбейт, алар үчүн РИНЦ системасы аркылуу индекстелүүчү, импакт-фактору 0,2ден кем эмес мезгилдүү илимий басылмаларда 4төн кем эмес макаласынын болушу милдеттүү болуп саналат.

Жарыяланган эмгектери боюнча жалпы балл 250дөн кем эмес болушу керек.

## КОЛДОНУУДАГЫ ЖОБОЛОР
### КР Министрлер Кабинетинин 06.10.2025-жылдын № 637 токтому менен бекитилген

**11-п.** Илимдин кандидаты докторлук диссертациясын коргоо үчүн докторлук диссертациянын негизги жыйынтыктары 15тен кем эмес публикацияда жарыяланышы керек, анын ичинде милдеттүү түрдө төмөнкүлөр болушу зарыл:

1) Scopus жана/же Web of Science системаларында индекстелүүчү илимий мезгилдүү басылмаларда 2 макала;

2) РИНЦ ядросунда 1 макала;

3) ЖАКтын рецензиялануучу илимий мезгилдүү басылмалардын тизмегине кирген илимий басылмаларда публикациялары болуш керек.

# ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ

«Кыргыз тили», «кыргыз адабияты» жана «фольклористика» адистиктери боюнча мамлекеттик тилде жазылган:

- кандидаттык диссертациялар үчүн РИНЦ системасы аркылуу индекстелүүчү, импакт-фактору 0,2ден кем эмес илимий мезгилдүү басылмаларда 2ден кем эмес макаласынын;
- докторлук диссертациялар үчүн РИНЦ системасында индекстелүүчү, импакт-фактору 0,2ден кем эмес илимий мезгилдүү басылмаларда 4төн кем эмес макаласынын болушу милдеттүү.

Диссертациясын мамлекеттик тилде жазган окумуштуулук даражасын изденүүчүлөр үчүн «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин төмөнкүдөй деңгээлдердеги сертификаты милдеттүү түрдө болушу керек:

- диссертациясын мамлекеттик тилде жазган изденүүчүлөр – В2 деңгээли;
- кыргыз тили, кыргыз адабияты жана аларды окутуунун методикасы боюнча адистер – С1 деңгээли.

# Докторлук жана кандидаттык диссертациялар боюнча макалаларга карата жалпы талаптар

**15-п.** Жарыяланган эмгектер диссертациянын темасына жана мазмунуна так ылайык келиши керек. Илимий басылманын бир номерине окумуштуулук даражаны изденүүчүнүн экиден көп эмес макаласын жарыялоого болот, калган макалалары эсепке алынбайт. Акыркы макалалар диссертацияны диссертациялык кеңешке бергенге чейин жарыяланышы керек.

**16-п.** Гезиттик макалалар, депонирленген кол жазмалар, докладдын тезистери жарыяланган эмгектердин тизмесине кирбейт.

*Эскертүү: Авторлоштукта жарыяланган илимий эмгектер бардык авторлошторго эсептелет. Негизги шарт - илимий макала диссертациянын темасына жана мазмунуна милдеттүү түрдө так ылайык келиши керек.*

# Докторлук жана кандидаттык диссертациялар боюнча макалаларга карата жалпы талаптар

**17-п. Диссертациялар мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылышы мүмкүн.**

**Мамлекеттик тилде жазылган докторлук диссертациялар үчүн мамлекеттик тилде жарыяланган 4төн кем эмес жана кандидаттык диссертациялар үчүн 2ден кем эмес макаланын болушу милдеттүү.**

# ЖАКтын рецензиялануучу илимий мезгилдүү басылмалардын тизмеги

ЖАК

KG

## Перечни

- Перечень рецензируемых научных изданий, в которых должны быть опубликованы основные научные результаты диссертаций, утверждённый постановлением президиума ВАК Кыргызской Республики от 26 ноября 2015 г. № 262
- Перечень рецензируемых научных периодических изданий для опубликования основных научных результатов диссертации, утверждённый постановлением президиума Высшей аттестационной комиссии Кыргызской Республики от 27 сентября 2018 г. № 121
- Перечень рецензируемых научных периодических изданий для опубликования основных научных результатов диссертации, утверждённый постановлением президиума Высшей аттестационной комиссии Кыргызской Республики от 29 декабря 2020 г. № 142
- Перечень рецензируемых научных периодических изданий для опубликования основных научных результатов диссертации, утверждённый постановлением президиума НАК при Президенте Кыргызской Республики от 29 декабря 2022 года № 588
- Перечень рецензируемых научных периодических изданий для опубликования научных результатов диссертаций, утвержденный приказом Высшей аттестационной комиссии при Министерстве науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики от 27.02.2026 г. № 19-ОД

# Жогорку аттестациялык комиссиянын «Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөөлөр» электрондук журналы


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЖОГОРКУ АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

ВЫСШАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөөлөр



Научные исследования в Кыргызской Республике

Выпуск №4

Бишкек–2025

- 2010-жылдын 25-ноябрында негизделген;
- Мультидисциплинардык журнал;
- РИНЦке катталган (2011-жылдан баштап азыркы күнгө чейин 64 номери жарыяланган);
- Импакт-фактору – 0, 120 (2025-ж.);
- Квартал сайын электрондук форматта чыгарылат.

# Окумуштуулук даражаларды бекитүүнүн жаңы ыкмасы

**3-п.** Илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы адистин диплому менен ырасталган жогорку билими же “магистр” квалификациясы бар изденүүчүлөргө диссертациясын ачык коргоонун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган диссертациялык кеңештин өтүнүчүнүн негизинде **ЖАКтын төрагасынын буйругу менен ыйгарылат.**

***Түшүндүрмө:*** ***Күчүн жоготкон жоболорго ылайык, мурда окумуштуулук даражалар президиумдун чечими менен бекитилген.***

***Колдонуудагы жоболор боюнча, ЖАКтын президиуму башкы илимий-консультациялык орган болуп саналат. Президиумдун мүчөлөрү диссертацияларды коргоо боюнча диссертациялык кеңештин жыйналышына добуш берүү укугу менен катышканга укугу бар.***

# Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобо

**26-п.** Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн саны **13төн кем эмес жана 25тен көп эмес** болушу керек. Диссертациялык кеңеште чет өлкөлүк мүчөлөрүнүн өкүлчүлүгү жалпы курамынын 40 пайызынан ашпашы керек.

**27-п.** Диссертациялык кеңештин мүчөлөрүнүн саны **9 адамдан кем эмес жана 15 адамдан көп эмес** болушу керек. Диссертациялык кеңеште чет өлкөлүк мүчөлөрдүн өкүлчүлүгү жалпы курамдын 40 пайызынан ашпоого тийиш.



**35-п.** Бир айдын ичинде диссертацияларды коргоо боюнча диссертациялык кеңештин бир гана жыйынын өткөрүүгө уруксат берилет.

**36-п.** Бир айдын ичинде окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча диссертациялык кеңештин эки жыйналышын өткөрүүгө уруксат берилет. **Бир жыйналышта бир докторлук же эки кандидаттык диссертацияны коргоону өткөрүүгө болот.**

**46-п. Диссертациялык кеңеш диссертацияны алдын ала коргоого төмөнкүлөрдөн кийин кабыл алат:**

1) диссертация 30 календарлык күн мөөнөтүндө ЖАКтын сайтында коомдук талкуулоо жол-жобосунан өткөндөн кийин;

2) диссертациянын темасы бекитилген жана ал коргоого сунушталган жери боюнча диссертация талкуулангандан кийин, ошондой эле изденүүчү ЖАК сайтында жеке кабинетинде зарыл документтерди жайгаштыргандан кийин.

**37-п.** Изденүүчү ЖАКтын сайтында өзүнүн жеке кабинетин ачат, аттестациялык документтерин жүктөйт жана диссертациялык кеңештин электрондук почтасына кабарлама кат жөнөтөт.

**38-п.** Окумуштуу катчы 14 жумуш күндүн ичинде окумуштуулук даражаны изденүүчүгө диссертациялык кеңештин корутундусу менен төмөнкүлөр жөнүндө жооп кат жөнөтүүгө милдеттүү:

1) бардык зарыл документтер болсо жана алар белгиленген талаптарга ылайык келсе, диссертациянын коргоого кабыл алынгандыгы жөнүндө;

2) диссертацияны коргоого кабыл алуудан жүйөлүү баш тартуу жөнүндө.

АНТИПЛАГИАТ

**50-п. Диссертациялык ишти өндүрүшкө кабыл алууда изденүүчү диссертациялык кеңешке диссертациянын текстинде плагиат фактынын же жасалма интеллект менен түзүлгөн тексттин жок экендиги тууралуу маалымкатты берүүгө милдеттүү.**

- **Диссертациялык иште илимдин бардык тармактары үчүн, жасалма интеллект менен түзүлгөн тексттин жол берилген пайызы 10% ашпоого тийиш жана ал тексттин оригиналдуулугунун көлөмүнө киргизилет, буга диссертациянын «Киришүү» түзүмдүк бөлүгү кирбейт (Диссертацияларда жасалма интеллект тарабынан түзүлгөн тексттин же плагиат фактысынын бар же жок экендигин текшерүү боюнча нускаманын 11-п.)**



**52-п.** Диссертацияны алдын ала коргоо жана коргоо боюнча жыйналышка ден соолугунун абалына байланыштуу, өргүүдө, иш сапарында болгон учурда жана диссертациялык кеңеш тарабынан жүйөлүү деп таанылган башка себептер болсо, диссертациялык кеңештин чет өлкөлүк, башка шаарда жашаган мүчөлөрүнө жана расмий оппоненттерине онлайн катышууга уруксат берилет.

**Диссертациялык кеңештин чет өлкөлүк, башка шаарда жашаган мүчөлөрүнө жана расмий оппоненттерине офлайн катышуу милдеттүү эмес.**

**96-п.** Диссертацияны коргоонун жыйынтыктары боюнча оң чечим чыгарылган учурда, окумуштуу катчы ЖАКка коргоо күнүнөн кийин 15 календардык күндүн ичинде окумуштуулук даражаны берүү боюнча документтердин тизмегине ылайык изденүүчүнүн электрондук аттестациялык делосун жиберет.



# Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!



Урматтоом менен,
А. Ж. Токтомбаева